| Ош шаарынын мэринин орун басарында болгон жыйындын ПРОТОКОЛУ | | ПРОТОКОЛ совещания у заместителя мэра города Ош |
|---|---|---|
| 2025-жылдын “28” ноябры | | № Пр. 9/459 |

# Ош шаарынын мэриясынын алдындагы Майыптыгы бар адамдардын маселелери боюнча координациялык кеңештин кезектеги отурумунун ПРОТОКОЛУ

| | |
|---|---|
| **Координациялык кеңештин төрагасы:** | Ош шаарынын мэринин орун басары Н.А.Закиров |
| **Координациялык кеңештин катчысы:** | Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Г.Ж. Субанова |
| **Катышкандар:** | Х.Т. Асанова, Т.Б. Досмуратов, А.У.Абдуллаев, М.М. Халмурзаев, Р.М. Мамаев, А.А.Абдувалиева, А.Р. Рысбекова, Р.З.Садирова, С.М.Султанова, З.Т.Эшмуратова, Р.К. Шакирова, Н.И. Джакубова, Ж.Токтогон уулу, Ж.Т.Туратбекова |

## Жеткиликтүү чөйрөнү жана майыптыгы бар балдардын билим алууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө

(Закиров)

Ош шаарынын мэриясынын алдындагы Майыптыгы бар адамдардын маселелери боюнча Координациялык кеңештин кезектеги отурумунда “Жеткиликтүү өлкө” мамлекеттик программасынын аткарылышы, майыптыгы бар адамдарга инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү, инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү жана жеткиликтүү шарттарды түзүү, майыптыгы бар балдардын жаш курагына, шыгына жана кызыгуусуна карата ар түрдүү ийримдерге (*спорттук, маданий, чыгармачылык ж.б.*) тартуу, социалдаштыруу, эрте кийлигишүү боюнча кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү тууралуу маселелер талкууланып, төмөндөгүдөй **чечим кабыл алынды:**

1. Менчигинин түрүнө, ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан Ош шаарындагы мекеме-ишканалар жана окуу жайлар:

- Кыргыз Республикасынын “Майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” Мыйзамынын, мыйзам алдындагы чечимдердин талаптары жана протоколдук чечимдердин аткарылышы өз мөөнөтүндө камсыздалсын, сапаттуу жана өз убагында аткаруу боюнча жетекчиликтин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы № 69 токтому менен бекитилген “2023-2030-жылдарга Кыргыз Республикасындагы майыптыгы бар адамдар жана калктын башка

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

аз мобилдүү топтору үчүн “Жеткиликтүү өлкө” мамлекеттик программасын аткарууга алуу менен тийиштүү иш-аракеттер жүргүзүлсүн;

- майыптыгы бар адамдарга түрдүү чөйрөдөгү инфратүзүмдүн объектерине кирүүгө, транспорт коммуникацияларын, маалымат каражаттарын тоскоолдуксуз пайдаланууга шарттарды түзүү милдеттендирилсин;

- майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен Ош шаарындагы мекеме-ишканалардын жана окуу жайлардын пандустары 1 ай ичинде ондоп-түзөөдөн өткөрүлүп, курулуш ченемдерине ылайык келтирилсин;

- көрүүсү бузулган майыптыгы бар адамдардын/балдардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн маалымат тактайчалар, жарнамалар, мекеме-ишканалардын маалыматтары Брайлдын рельефтик-чекиттик арилтери менен даярдалып, басып чыгарылып, ар бир мекеме-ишканалардын жана окуу жайлардын кире бериштерине же көрүнүктүү жерлерге илинсин.

*Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 26-январына чейин*

2. Ош шаардык архитектуралык, курулуштук контролдоо боюнча башкармалыгы (О.С.Бейшебаев), Ош регионалдык шааркуруу жана архитектура боюнча башкармалыгы (А.Каныбек уулу), Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (Ж.Токтогон уулу), Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгы (Д.А. Маматалиев):

- турак жай, коомдук өндүрүш имараттарын, социалдык объекттерди жана курулмаларды долбоорлоо майыптыгы бар адамдардын/балдардын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү эске алынышы менен жүргүзүлсүн;

- майыптыгы бар адамдар/балдар үчүн курулуш нормаларына жана эрежелерге ылайык имараттарга пандус куруу, тактилдик плиткаларды орнотуу менен шарт түзүп берүү боюнча тийиштүү иштер алып барылсын;

- атайын өтмөктөр, курулмалар, аялдамалардын жана коомдук жайлардын жеткиликтүүлүктөрү иликтенип чыгып, курулуш ченемдердин талаптарына ылайык келтирилсин.

3. Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгы (Д.А. Маматалиев): майыптыгы бар балдарга жеткиликтүү шарттарды түзүү максатында Ош шаарындагы кыймыл-таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборуна заманбап лифт орнотулуп берилсин.

4. Ош шаардык билим берүү башкармалыгы (Т.Б. Досмуратов): Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-октябрындагы № 680 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация жөнүндө” типтүү жобого ылайык ПМПКнын штаттык курамы дисциплиналар аралык ыкманы эске алуу менен түзүлүп, тийиштүү иштер алып барылсын;

- ПМПКнын иш кагаздары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускамада белгиленген тартипте жүргүзүлсүн;

- Жобого ылайык өзгөчө билим берүү муктаждыктары же майыптыгы бар балдардын электрондук маалымат базасы түзүлсүн;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- инклюзивдик жана коррекциялык билим берүү жаатында педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча тийиштүү иштер алып барылсын;

- инклюзивдик билим берүү жаатында коомдук уюмдар менен биргеликте окутуу семинарлары, тренингдер жана лекциялар уюштурулуп өткөрүлсүн;

- Ош шаарындагы № 12 Н.К. Крупская атындагы атайын көмөкчү мектеп-интернатында билим алып, тарбияланып жаткан майыптыгы бар балдардын жаш курагына, шыгына жана кызыгуусуна карата спорттук ийримдерге тартуу менен бирге атайын программалар иштелип чыгып, иш алып барылсын;

- Ош шаарындагы жалпы билим берүү мекемелериндеги жана бала бакчалардагы пандустар 1 айлык мөөнөттө курулуш нормаларына жана тиешелүү талаптарга ылайык келтирилсин;

- майыптыгы бар балдардын жаш курагына, шыгына жана кызыгуусуна карата түрдүү ийримдерге (чыгармачылык, спорттук ж.б.) тартуу менен бирге атайын программалар иштелип чыгып, алгылыктуу иштер алып барылсын.

5. Ош шаарынын саламаттык сактоо координатору (Ш.Т. Абдурахманов), Ош шаарынын № 1, 2 Үй-бүлөлүк медицина борборлору (М.М. Халмурзаев, Р.М. Мамаев):

- майыптыгы бар адамдар/балдар жашаган жери боюнча диспансердик каттоого алынып, аларга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйруктарынын, клиникалык протоколдорунун негизинде тез жана кечиктирилгис медициналык жана керектүү реабилитациялык жардамдар көрсөтүлсүн;

- эрте кийлигишүү боюнча кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү жана реабилитациялоонун негизги багыттары боюнча алгылыктуу иштер алып барылсын;

- оорулардын алдын алуу, сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоо жана калыптандыруу боюнча окутуу семинарлары, тренингдер жана лекциялар уюштурулуп, өткөрүлсүн.

*Аткаруу мөөнөтү: дайыма*

6. Ош шаардык архитектуралык, курулуштук контролдоо боюнча башкармалыгы (О.С.Бейшебаев), Ош регионалдык шааркуруу жана архитектура боюнча башкармалыгы (А.Каныбек уулу), Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктары (А.А. Зундуев, М.К. Илиязов, А.С. Багышов, Ж.Т. Чолпонбаев, Н.А. Каримов, С.Зарипбек уулу, Т.Жунусов, Ж.Ж. Сактанов, М.А. Орозбаев): шаардагы мекеме-ишканалардын, уюмдардын, коомдук тамактануучу жайлардын, тейлөө кызматтарынын имараттарынын абалын курулуш ченемдердин талаптарына ылайык келтирүү боюнча 2025-жылдын 8-декабрынан 26-декабрына чейин рейд иштери жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, эскертүү баракчалары берилсин.

7. Ош шаарынын мэриясынын шааркуруу жана муниципалдык менчик бөлүмү (К. Ашим уулу): Координациялык кеңештин отурумуна катышпаган курулуш тармагындагы мекеме-ишканалардын жетекчилери тарабынан түшүнүк каттар жазылып берилсин, кеңештин кезектеги отурумдарына алмашуусуз катышуусу эскертилсин.

8. Координациялык кеңештин квартал сайын өткөрүлө турган кезектеги отурумдарына мекеме-ишканалардын жетекчилери *(кеңештин мүчөлөрү)* алмашуусуз катышсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

9. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы Майыптыгы бар адамдардын маселелери боюнча Координациялык кеңештин протоколдук чечиминин аткарылышы тууралуу маалымат **2026-жылдын 26-январына чейин** кечиктирилбестен Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнө жазуу түрүндө берилсин.

10. Бул протоколдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Х.Т.Асановага жүктөлсүн.

**Координациялык кеңештин төрагасы** **Н.А. Закиров**

Г.Ж. Субанова
тел.: (03222) 7 15 13

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН